**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**БОЗ-УЧУК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ БОЗ-УЧУКСКОГО АИЛЬНОГО АЙМАКА**

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ак-Суу району Боз-Учук айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын 30 сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 19.01. № 7 с.Ново-Вознесеновка. а

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 339 беренесинин 4 бөлүмүн иш жүзүнө ашыруу максатында

**Боз-Учук айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Экономикалык-пландоо зоналарын жана зоналдык коэффицентин айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандык үчүн ,Кз-(- 1,2) өлчөмүндө бекитилсин.
2. Экономикалык-пландалуучу зоналар үчүн зоналдык коэффицентин үй жанындагы, короо жай жан багбанчылык жер участокторун пайдалангандык үчүн , Кз-(- 1,0) өлчөмүндө бекитилсин.
3. Жер салыктарын эсептөө Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин негизинде жүргүзүлсүн.
4. Токтомду мыйзам чегинде каттоодон өткөрүлүп, юститция башкармалыгына көчүрмөсү жиберилсин.
5. Ушул токтом райондук «Ак-Суу баяны» гезитине жарыялансын.
6. Токтом 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Термечиков**

## Токтомго аныктама

Боз-Учук айыл округунун административдик аймагында, айыл чарба багытындагы жерлерин пайдалангандыгы үчүн жер салык, айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салык, үй жанындыгы, короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн жер салык жана мүлк салыгынын 1 чи; 2 чи; 3 чү; 4 чү тобун киргизүү жөнүндөгү токтомдун долбооруна аныктама.

2008-жылдын 17-октябрь № 231 Кыргыз Республикасынын Мыйзамын иш жүзүнө ашыруу максатында Боз-Учук айыл округунун административдик аймагында, айыл чарба багытындагы жерлерин пайдалангандыгы үчүн жер салык, айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салык, үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандык үчүн жер салык жана мүлк салыгынын 1 чи; 2 чи; 3 чү; 4 чү тобун киргизүү жөнүндөгү токтомдун долбоору иштелип чыкты.

2013-жылдын 1-январь тартып 2008жылдын 17-октябрь №231 Мыйзамынын 3-беренесинин 3-пунктунун негизинде ушул эле мыйзамдын 1 жана 2-пунктарында көрсөтүлгөн салыктарды киргизүү жергиликтүү кеңештер тарабынан ишке ашырылат.

Жогорудагы көргөзүлгөн жергиликтүү салык түрлөрү жергиликтүү бюджеттин кирешесине 100% пайыз түшкөндүгүнө байланыштуу жогорудагы аталган салык түрлөрүн кабыл алуу укугу жергиликтүү Кеңешке берилген.

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 339-беренесинин 4-бөлүгүнүн негизинде Боз-Учук айыл округу 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке түшкөн жер салыгы жана мүлк салыгынын суммасы 2222003 сом же болбосо жергиликтүү бюджетке жалпы түшкөн кирешенин 36 пайызын түзөт. Жер салыгын жана мүлк салыгын эсептөө Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин негизинде эсептелген.

1. Айыл чарба багытындагы жер салыгы, сугат жер- 1га х 186,5 сом х 1,034; кайрак жер- 1га х 43,75х 1,034 сом.
2. Айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салык, коэффиценти 1,60х1,2х1х0,2
3. Үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандык үчүн жер салыктын суммасы 10,0 сом.

Кыймылсыз мүлк салыгы 1,2,3 топ

1. Көп кабатту үйлөр
2. Магазиндер, СТО, АЗС, Кашарлар.
3. Темир будкалар

4-топ кыйылдуу мүлк салыгы, (транспорт)